136 буйрук чыгарылды. Айылдык Кенеште 4 сессия өткөрүлүп 25 токтом чыгарылды. Айылдык Кенештин баардык токтомдору Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин реестрине катталды жана расмий тилге которулду.

Иш кагаздар автоматташтырылган АСКИД программасы менен иштетилүүдө.

Ошондой эле 2017-жылдан баштап айыл өкмөтүнүн официалдуу www.Kochkorbaev-aimak.kg веб-сайт иштөдөө,

Борбордук казына менен иштөө үчүн айыл өкмөтүнүн башчысы менен каржы бөлүмүнүн башчысынын ЭЦП (электронно цифровая подпись) аркылу иш жүргүзүлөт.

**Жергиликтүү бюджет**

2020-жылы жергиликтүү бюджеттин кирешеси план боюнча – 9732,3 миң сом болсо, иш жүзүндө 11330,0 миң сом жыйналып, план – 116,4 пайызга аткарылды.

- Кыймылсыз мүлккө салык, план боюнча 228,9 миң сом болсо, 370,6 миң сом чогулуп, план - 161,9 пайызга аткарылды.

- Короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы план боюнча 144,8 миң сом болсо, иш жүзүндө 165,3 миң сом чогултулуп, план – 114,2 пайызга аткарылды.

- Сатуудан түшкөн салык жана төлөм кызматтары үчүн салык, план боюнча 235,0 миң сом болсо, 381,1 миң сом чогултулуп, план – 162,2 пайызга аткарылды.
- Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижарасы үчүн акы, план боюнча –2167,9 миң сом болсо, 2939,9 миң сом чогултулуп, план- 135,6 пайызга аткарылган.
- Айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатуу боюнча план -35,0 миң сом болсо, факт боюнча 834,7 миң сом чогултулуп, план – 2384,9 пайызды түздү;
- Айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы - план боюнча 430,0 миң сом болсо, факты боюнча – 531,8 миң сом чогултулуп, план 123,7 пайызга аткарылды.

- жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык – 83,0 миң сом болсо, факт боюнча 92,2 миң сом болуп, план - 111,1 пайызды түзгөн;
- Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу жер салыгы: план 430,0, миң сом, аткарылышы 531,8 миң сом, пайызы 123,7;
- Патенттин негизинде салык: план 116,8, аткарылышы 1175,2, пайызы 101,2

**Ал эми планга салыктын төмөнкү түрлөрү чыкпай калган:**

- Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы, план боюнча 1408,0 аткарылды 1337,0 план 95,0 пайызга аткарылды;